| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА** |
| **БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИ** | **БАЛЫКЧИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ** |

# ТЕСКЕМЕ
# БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН XXIX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXIII–СЕССИЯСЫ

**2026-жылдын 19- май айы №22**

**Дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуу, спорттук курулмалардын иштешин камсыз кылуу маселеси жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамына, “Дене тарбия жана спорт жөнүндө” Мыйзамына ылайык, шаардык кеңешинин алдындагы **Жаштар саясаты, спорт жана туризм маселелери боюнча депутаттык туруктуу** комиссиясынын корутундусун карап, талкуулап Балыкчы шаардык кеңеши

ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. Балыкчы шаардык дене-тарбия спорт бөлүмүнүн жана Балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин маалыматтары эске алынсын.
2. Калктын ден соолугун чыңдоо, жаштарды сергек жашоо образына тартуу, дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү, ошондой эле муниципалдык спорттук курулмалардын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу максатында Балыкчы шаарынын мэриясына тапшырылсын:

   - -Шаар аймагында дене тарбиясын жана массалык спортту өнүктүрүү боюнча иштерди күчөтүү шаар мэриясынын негизги багыттарынын бири катары белгиленсин.
   - Калк үчүн жеткиликтүү спорттук инфраструктураны түзүү жана спорттук курулмалардын үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу боюнча чаралар көрүлсүн.
   - Муниципалдык спорт залдардын, стадиондордун, спорт аянтчаларынын жана башка спорттук курулмалардын техникалык абалын инвентаризациялоо жүргүзүлсүн.
   - Балдар, жаштар, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар жана улгайган адамдар үчүн жеткиликтүү спорттук программаларды уюштуруу камсыз кылынсын.
   - Жалпы билим берүү мекемелеринин спорттук аянтчаларын сабактан тышкаркы убакытта пайдалануу мүмкүнчүлүгү каралсын.
   - Массалык спорттук иш-чараларды, марафондорду, спартакиадаларды жана шаардык мелдештерди үзгүлтүксүз өткөрүү уюштурулсун.
   - Спорттук курулмалардын санитардык, өрт коопсуздук жана техникалык талаптарга ылайык иштеши көзөмөлдөнсүн.

3. Тескеменин аткарылышын көзөмөлдөө жагы Балыкчы шаардык кеңешинин алдындагы Жаштар саясаты, спорт жана туризм маселелери боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына жана Балыкчы шаарынын мэрине жүктөлсүн.

**Кеңештин төрагасы** **Д.Ж.Аманалиев**

Жиберилди : Иш кагаздарына-1, Мэрия-1, Дене тарбия жана спорт бөлүмү-1 , БӨСМ- 1,